## МАДАНИЯТ / КУЛЬТУРА

УДК: 811.512.162 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-310-317

**Абдраимов К.А.**
пед. илим. канд.
башкы адис
“Манас” улуттук академиясы
Бишкек ш.
Kanybekabdr73@gmaiI.com

# “ЭР ТӨШТҮК” ЭПОСУНДАГЫ КААДА-САЛТ ЖАНА ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР

**Аннотация.** Макалада С.Каралаевдин вариантына таандык “Эр Төштүк” эпосундагы каада-салт жана ырым-жырымдарга басым жасалды. Кыргыз элиндеги каада-салт жана ырым-жырым категорияларынын айрымдарынан мисал келтирилди. Негизинен “Эр Төштүк” эпосунда төмөндөгүдөй каада-салт, ырым-жырымдар кездешерине күбө болобуз: мазар тауу, мазарда мал союу, аян түш көрүү, баабедин айтуу, бала төрөлгөндө баабедин чалуу жана балага ат коюу. Эпосто сүннөткө отургузуу, кудалашуу, кызга сеп берүү, куттуктоо, турмуш куруу мезгили келгенин билдирүүчү каада-салт, ырым-жырымдар жана күйөө тандоо, күйөө балдарды сыноо жана балдар узак сапардан аман-эсен кайтканда той өткөрүү каада-салт, ырым-жырымдары эпосто кеңири кездешет.

**Негизги сөздөр:** Эр Төштүк, эпос, каада-салт, ырым-жырым, үрп-адат, мурас, доор, Көкөтөйдүн ашы, алп-дөөлөр, Элемандын тогуз уулу, Чук-Терек, Баабедин мазары, түш, Олуят, сүннөт, садага чабуу, кудалашуу, кызга сеп берүү, күйөө тандоо, күйөө бала, той, жөрөлгөлөр, мал союу, түлөө, бала тилөө, байбиче, Кызыр, калың берүү, төгөрөктүн төрт бурчу.

**Абдраимов К.А.**
канд. пед. наук
главный специалист
Национальная академия “Манас”
г. Бишкек
Kanybekabdr73@gmaiI.com

# ТРАДИЦИИ И ОБРЯДЫ В ЭПОСЕ “ЕР ТОШТУК”

**Аннотация.** В статье рассматриваются обычаи и обряды, представленные в эпосе «Ер Тоштук» по версии С. Каралаева, приведены примеры некоторых категорий обычаев и обрядов кыргызского народа. В эпосе «Ер Тоштук» можно найти следующие традиции и обряды: посещение могилы, забой животных в могиле, видение, произнесение баабедин, призыв баабедин, когда ребенок рождается, и наречение ребенку и др. Обрезание, обручение, поздравление, обычаи, обряды и ритуалы, указывающие на время бракосочетания, выбор мужа, испытание жениха и проведение пира, когда дети благополучно возвращаются из дальнего пути достаточно подробно описаны в эпосе.

**Ключевые слова:** Эр Тоштук, эпос, традиции, обряды, наследие, эпоха, трапеза Кокотая, великаны, девять сыновей Элемана, Чук-Терек, могила Баабедин, сон, святой, обрезание, милостыня, обручение, выдача приданого девушке, выбор муж, жених, свадьба, обряды, забой животных, желание ребенка, бабушка, Кызыр, четыре угла очага.

**Abdraimov K.A.**
Candidate of Pedagogical Sciences
Main Expert
National Academy “Manas”
Bishkek c.
Kanybekabdr73@gmaiI.com

## TRADITIONS AND RITUALS IN THE EPIC “ER TOSHTUK”

**Abstract.** The article discusses the customs and rituals of the epic "Er Toshtuk" according to S. Karalaev. An example of some categories of customs and rituals of the Kyrgyz people is given. Basically, in the epic "Er Toshtuk" we observe the following traditions and rituals: visiting the grave, slaughtering animals in the grave, seeing, pronouncing baabedin, calling baabedin when the child is born, and naming the child. Circumcision, betrothal, dowry, congratulations, customs, rites and rituals indicating the time of marriage, choosing a husband, testing the groom and holding a feast when children return safely from a long journey are described in detail in the above epic.

**Keywords.** Er Toshtuk, epic, traditions, rituals, heritage, epoch, Kokotai's meal, giants, Eleman's nine sons, Chuk-Terek, Baabedin's grave, dream, saint, circumcision, almsgiving, betrothal, giving a dowry to a girl, choosing a husband, fiancé, wedding, rituals, slaughter of animals, desire for a child, grandmother, Kyzyr, four corners of the hearth.

“Эр Төштүк” эпосундагы каада-салт жана ырым-жырымдарды талдоодо 1996-жылы жарык көргөн “Эр Төштүк” сериясынын 2-томундагы белгилүү манасчы С.Каралаевдин айтуусундагы вариантка басым жасалды. Текстти басмага даярдап, баш сөзүн жана илимий комментарийди жазгандар КРУИАнын окумуштуулары Сарыпбеков Райкул менен Мукасов Мураталы.

Эпостун бул варианты кыргыздардын каада-салт, үрп-адатын кенен чагылдыруу менен бирге, элдин ой-тилегин, дүйнөгө болгон көз карашын мифологиялык өзгөчөлүктө баяндаган. Эпостун эстетикалык күчү менен көркөмдүгү жогору жана кыргыз элине гана таандык нукуралуулугу менен айырмаланат. “Ошентип “Эр Төштүк” байыртадан бери эл арасында кеңири айтылып, сакталып келген эң сонун маданий мурастардын бири. Өзүнүн алгачкы башаты кыргыздардын Енисей тарыхы менен байланыштуу болсо да ондогон кылымдар ооздон оозго, муундан-муунга айтылып келип, өзүнүн элдик негизи менен биздин күнгө жеткен” [4, 79-б].

“Салт деген эмне?” деген суроого жооп издесек, философиянын тарыхы багыты боюнча адис Жамгырбек Бөкөшов “Салт жана билим” аттуу эмгегинде: “Кыргызча “салт” негизинен латынчадан чыккан “традиция” сөзүнүн түгөйү эсептелет”, – деген көз карашын билдирет [1, 15-б].

Эл арасында каада-салт жана ырым-жырым түшүнүктөрү өтө жакын болгондуктан, бул эки түшүнүктү бири-биринен айырмалап билиш кыйын. Кээ бир салт элементтери салт катары кабыл алынса, кээ бирөөлөрү ырым катары кабыл алынат. Бул түшүнүктөр бири-бири менен чырмалышып кеткендиктен, кээ бир изилдөөчүлөр айрым түшүнүктөрдү салтка киргизсе, кээ бирөөлөрү ырымга киргизип жүрүшөт. Ошондуктан бул эки түшүнүктү бириктирип, каада-салт жана ырым-жырым деп чогуу кароого да болот. Кыргыз элинде каада-салтка жана ырым-жырымга кирген элементтер өтө көп. Алар тиешелүү жагына карап бир нече категорияга бөлүнөт. Мисалы:

- Баланын төрөлүшүнө байланыштуу каада-салт жана ырым-жырымдар;
- Жай турмуштагы каада-салт, ырым-жырымдар;

- Маркумду узатуудагы каада-салт, ырым-жырымдары жана башкалар.

Каада-салт жана жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар жогоруда түшүндүрүп кеткендей өз-өзүнчө мааниге ээ түшүнүктөр. Бирок, кээ бир каада-салт бара-бара доор алмашкан сайын өзгөрүүгө учурап ырым-жырымга айланса, кээ бир ырым-жырымдар тескерисинче каада-салт катары кабыл алынып калган учурлар да көп. Кээде бул эки түшүнүктү чаташтырган учурлар да кездешет.

Дүйнөнү дүңгүрөткөн "Көкөтөйдүн ашына" төгөрөктүн төрт бурчундагы түрдүү элден келген санына эсеп жеткис, казганактаган кадырман меймандарды Бакай, Манас, Кошой баштаган кыргыз алптары коноктоп, үлпөт курушат, алардын ичинде:

Жаралган алптын баатыры
Чалкуйрук минип ээликкен
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай

Чайнарына чок таппай
Тогуз уулдун кенжеси
Темир түркүк чатыры
Эр сырттаны Эр Төштүк да бар эле.

Ал кезде аш бир нече айга созулуп, анда эр оодарыш, ордо атыш, чокмор чабыш, найза сайыш өңдүү намыс козгогон мелдештер өткөрүлгөн. Ашта ат чабыш, жамбы атыш Төштүктүн тикеден-тике катышуусу менен жүзөгө ашат. Ал эми балбан күрөштө:

Калмактардын кан Жолой
Жетимиш балбан өлтүрүп,
Кан жыттанган чоң Жолой

Комдонуп жаткан жолборстой болгон ары күчтүү жана өтө коркунучтуу Жолой дөө менен күрөшүүдөн айбыккан балбандарга капаланып Эр Төштүк кармашка чыкмак болот. Ошондо кыргыз алп-дөөлөрүнүн эң күчтүүсү жана эң улуусу:

Башын Кошой чайкады,
Балбан Төштүк кеп тыңда,
Кеп тыңшасаң, бек тыңда
Жетимиш жылдык жол басып,

Жети жыл кетип, эл азып,
Тартыпсың азап көп жылга,
Жолойго түшө коём деп,

Балам, Төштүк сөз кылба! – деп кеңешин айтат. Эл намысын сактап көнгөн, өлүмдөн коркпогон Эр Төштүк 80 жаштагы Кошой баатырдын сөзүнө каршы чыга албай, айласы кетип турганда:

Айкөл Манас баатырың,
Барып кармап алганда,
Каракушка сан этин,
Бергенин айтып сыздаган,
Бул укмуштуу жорукту,
Тирүү жан такыр укпаган.

Өз элиндей көрүп, башка улуттардын, тааныпбаган элдин боштондугу үчүн узак жылдарга созулган “тирүү жан такыр укпаган” теңдешсиз салгылаштарда достуктун жана берилгендиктин үлгүсүн көрсөткөн Эр Төштүк жеке гана кыргыз элине эмес, башка элдерге да эстетикалык ыракат берип, үлгү болгон. Ошондуктан, “Орто Азия, Казакстан, Түштүк Сибирь, Алтайда жашаган түрк урууларына кеңири белгилүү” [2.43-б].

***Мазар таюу жана мазарда мал союу каада-салт жана ырым-жырымы***

Элеман тогуз уулун жоготкон соң, кемпири мал-жандын баарын талак кылып, мазар кыдырып, бала тилөөнү сунуш кылат. Мазарлап бала тилөө ырымы эзелтен келаткан каада-салт жана ырым-жырым. Бул каада-салт жана ырым-жырым “Манас” эпосунда да бар. Манастын энеси Чыйырды бала көрбөй мазарлап жүрүп, Манасты көрөт. Мазарга белгилүү бир каалоо-тилек менен барып, тиленип мал союу да каада-салт жана ырым-жырымга кирет. Элеман жана байбичеси экөө мазар аттуунун баарын кыдырып, мал союп түлөө кылып, бала тилешет. Эпосто ал төмөндөгүчө айтылат:

*Касиеттүү мазарды*
*Калтырбай баарын кыдырды*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 31-бет).*

***Аян түш көрүү – каада-салт жана ырым-жырымы***

Аян түш көрүп, аны жоруу жана аны аткаруу да каада-салт жана ырым-жырымга кирет. “Эр Төштүк” эпосунда Элеман жана жубайы Чук-Теректин түбүндөгү Баабедин мазарында түнөп, Элеман түш көрөт. Түшүндө Кызыр даарып, колуна алма карматып, балалуу болорун айтып:

*Оң колуңда чоң алма,*
*Муну жесең жалгыз уул.*
*Кагышкан душман союлат,*
*Бере турган баланын*
*Аты Төштүк коюлат*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 35-бет).*

деп баатыр бала төрөлөрүн сыпаттап берип, ырым кылып чоң алманы жеш керектигин дайындайт. Аян түш көрүү, аны өңдө аткаруу жөрөлгөлөрү башка көптөгөн эпостордо да кездешет.

***Бала төрөлгөндө жасалган каада-салт жана ырым-жырымдар***

Төштүк төрөлүп, баланын төрөлүшүнө тиешелүү каада-салт жана ырым-жырымдар аткарылат. Мисалы, Элеман балалуу болгонуна кубанып, той өткөрөт:

*Тоюна токсон сойду дейт*
*Ат чаптырып, той кылып*
*Ааламдын баарын чогултуп*
*Атын Төштүк койду дейт*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 37-бет).*

Андан сырткары Төштүк көптөн күткөн бала болгондуктан, ата-энеси аны суук сөз, жаман көздөн сырткары кармоо үчүн мойнуна тумар тактырып, күнүнө элүү кара торпокту садагага бердирет:

*Күндө тил-тиш кылдырып*
*Кермесин кенен кердирип*

*Кермедеги тулпардан*
*Садагага бердирип*
*(С. Каралаев. "Эр Төштүк". 39-бет).*

Андан ары күн тийбес жерге бактырып, жана башка ушул сыяктуу балага тиешелүү каада-салт жана ырым-жырымдарды жасатышат. Көкөтөй да Бокмурунду таап алганда, Олуят ага тогуз миң төө союп, мойнуна тумар тактырып, каада-салт жана ырым-жырымын жасоону айтат:

*Жетиге бала чыккыча*
*Жети жүз кара торпокту*
*Ар күн эрте, Көкөтөй*
*Садагага бериңиз*
*(С. Каралаев. "Эр Төштүк". 70-бет).*

***Балага ат коюу каада-салты жана ырым-жырымы***

Балага ат коюу салты кыргыз элинде өтө маанилүү каада-салт жана ырым-жырымдын бири. Балага атты ата-энеси, тууган-уругу, кээде жолоочу же кандайдыр бир жол менен жолуккан адам да коюп берүүсү мүмкүн. Эпосто да ат коюу ырымы тууралуу айтылат. Төштүктүн атын Элемандын түшүнө кирген Кызыр коюп берет. Ал эми Бокмурундун атын Айсалкын өзү коет. Бирок, ал аны Көкөтөйгө жеткире албагандыктан, Бозайгыр жетелеген Олуят Көкөтөйгө:

*Балаңдын аты Бокмурун*
*Байкап атын билип кой*
*(С. Каралаев. "Эр Төштүк". 70-бет), – дейт.*

***Баабединге чалуу, баабедин айтуу каада-салт жана ырым-жырымы***

Кыргыздарда адам өтө тилеп күткөн же күтүлбөгөн жерден жакшылык болгондо кубангандан баабедин айтып, ага арнап мал садага чабуу каада-салты жана ырым-жырымы бар. Көкөтөй кызыл нар менен келген баланы таап алып, кубангандан Кызыл Нарды баабединге чалат. Ага да алымсынбай минип жүргөн Мааникерди да баабединге чала турган болгондо, кайыптан Олуят пайда болуп мындай дейт:

*Айбандан башка Мааникер*
*Айтуякка чалам – деп*
*Калабаны кызык салбаңыз*
*(С. Каралаев. "Эр Төштүк". 69-бет), –*

деп Камбар ата Бозайгырды баабединге чалууга берет да, Мааникерди сактап калат. Төштүк жоголгон Саргылды таап алганда да, кубангандан баабедин чалат.

*Бээ баштаган беш тогуз*
*Баабединге чалды дейт*
*(С. Каралаев. "Эр Төштүк". 73-бет).*

Баабединге чалуу каада-салт жана ырым-жырымы адам кырсыктан, жамандыктан аман калганда да чалынат. Мисалы, Чалкуйрук кырк кулактуу казанды өлүмгө кайыл болуп алып чыкканда, Чалкуйруктун аман-эсен экенин көргөн төрт Маамыт:

*Казанды көрүп төрт Маамыт*
*"Баабедин" – деп бакырып*

*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 268-бет).*

Баабединге чалуудан башка баабедин айтуу да “Эр Төштүк” эпосунда кенен кездешет. Бул көбүнчө алдыда эмне болуп кетерин билбей, “кырсыктан сакта, Кудай өзүң сакта” деген мааниде айтылат.

*Оргуп-оргуп чаң чыгат*
*Баабединин бат айтып*
*Эр Төштүктөн жан чыгат*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 170-бет).*

Баабедин кубанганда, иш оңунан чыкканда да Кудайга ыраазычылык билдирүү, шүгүрчүлүк келтирүү иретинде колдонулат. Жер үстүнө аман-эсен чыгып алган Төштүк:

*Алдага шүгүр жат айтып*
*Баабединди бат айтып*
*Мойнуна курун салынып,* – деп ыраазычылык билдирет
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 299-бет).*

***Төштүктүн аман кайтып келгени үчүн той берүү каада-салт жана ырым-жырымы***

Адам узак сапардан кайтып келгенде, жоголгон нерсени таап келгенде той берилет. Төштүк жоголгон агаларын, ал тургай жоголгон жылкыларды да аман-эсен таап келгенде, Элеман той бербей коюп, коңшулаш жашаган Алаңбай Төштүккө арнап той берет:

*Бээ баштаган беш тогуз*
*Бегиликке сойду дейт*
*Төө баштаган он тогуз*
*Той кылууга койду дейт*
*Ала-Тоодой эт кылды*
*Ала көлдөй чык кылды*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 76-бет).*

***Сүннөткө отургузуу каада-салт жана ырым-жырымы***

Баланы сүннөткө отургузуу каада-салт жана ырым-жырымы бала балакатка жете элек кезде аткарылат. Сүннөткө отургузган соң, ага арнап тойчук өткөрүлүп, адалданды деп эсептелет. Эпосто Төштүк жана тогуз агасы сүннөткө отургузулбай калып, чоң киши болгон соң отургузулат. Элеман балдарынын сүннөткө отургузулганына арнап той берет.

*Тогуз уулга той кылып*
*Тогуз уулду адалдап*
*Төштүктүн ойлоо түшүнөн*
*Куткарган экен Элеман*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 82-бет).*

***Кудалашуу каада-салт жана ырым-жырымы***

Үйлөнүүдөн мурун кудалашуу салты орун алат. Адатта үйлөнчү баланын ата-энеси кыз таап жактырышып, анан барып кудалашат. Эпосто Элеман тогуз уулун үйлөнтүү үчүн тогуз кыздуу адам издеп, акыры табат да, аны менен кудалашат. Кудалашуу калың берүү салты менен коштолуп, Элеман толгон калың берет:

*Токсон кара нарым бар*
*Токсон нарга артылган*
*Алтын, күмүш аралаш*
*Калыңга берер зарым бар*
*Токсон төөнүн алтынын*
*Калың кылып алыңыз*
*(С.Каралаев. “Эр Төштүк”. 98-бет).*

***Кызга сеп берүү салты***

Кызга сеп берүү салты да кудалашуу салтына улай болгондуктан, тогуз кыздуу Сарыбай берешендик менен миңдеп жылкы бердиртип, желбегей тон кийгизип, бирден жорго мингизип жана башка толгон-токой сеп берет. Ал эми эң кенже кызы Кенжекеге сыйкырдуу, касиеттүү буюмдарын да кошуп берет:

*Энеси чыдап туралбай*
*Чайыңги тонду кийгизди*
*Атасы чыдап туралбай*
*Чалкуйрук атты мингизди*
*Алтын сака, өгөөнү*
*Энеси берди, жана алды*
*Төө ичинде чаар инген*
*Атасы берди, бул алды*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 104-бет).*

***Куттуктоо каада-салт жана ырым-жырымы***

Жакшылык болгондо айтылуучу куттук сөз. Эпосто Айсалкын Кенжекеге күнүлөш экенине карабай атайын жолун тосуп, Төштүккө жар болгону үчүн, чайиңги тон, Чалкуйрук сындуу тулпарлуу болгону үчүн куттук айтат:

*Кутмаарек болсун*
*Кут болсун, долу*
*Тийүүчү эриң эр Төштүк*
*Бир өзүңө жуп болсун, долум*
*(С. Каралаев. “Эр Төштүк”. 107-бет).*

***Турмуш куруу мезгили келгенин билдирүүчү каада-салт жана ырым-жырымдар***

Адатта эркек жигит үйлөнүү сунушун кызга ар кандай жолдор менен билдирет. Ал эми кыз да кээде турмушка чыгуу убактысы келгенин билдире алат. Эпосто Күлайым атасы үч кызын тең турмушка бербей отургандыктан, жоолукка үч алма ороп, сууга агызып жиберет. Ал алманы атасы Көкдөө кармап алып, бул кандай ырым белги экенин аялынан сурайт. Аялы эзилип кеткен алма – улуу кызы Урпайымдын күйөөгө чыкчу мезгили өтүп кеткенинин белгиси экенин, ортосу гана эзилген алма – ортончу кызы Булбулбектин да мезгили өтүп баратканын, ал эми бышып-жетилип турган алма – кичүү кызы Күлайымдын жетилип, турмушка чыгар убагы болгонунун белгиси экенин түшүндүрүп берет.

***Күйөө тандоо каада-салты жана ырым-жырымы***

Илгерки заманда кандар кыздарына татыктуу күйөө табуу үчүн күйөө болчу жигиттерди ар кандай жолдор менен тандашкан. Эпосто Көкдөө да кыздарын күйөөгө берүү убагы келгенин түшүнүп, жигиттерди чубатууга салат. Ал эми кыздары жаккан жигитин алма менен уруп тандайт. Кыз кимди гана тандабасын, атасы ошол жигитти кабыл алып, үйлөндүрүүгө акылуу болот. Ошентип, үч кызы үч жигитти тандашат:

*Улуусунун тийгени*
*Кандын уулу Канбача*
*Ортончусу тийгени*
*Бектин уулу Бекбача*
*Кенжесинин тийгени*
*Ылжыраган таз болду*
*(С. Каралаев. "Эр Төштүк". 187-бет).*

***Күйөө балдарды сыноо каада-салт жана ырым-жырымы***

Калк арасында күйөө болчу жигиттерди сыноо ырымын жасашкан. Сыноо замандын талабына жараша ар кандай түрдө өтөт. Көкдөө күйөө балдарын алгач кулан, кийик-теке аттырып сынайт. Андан соң чаар бээнин кырк жылдан бери жоголгон кулундарын таап келгиле деп сынайт. Андан башка дагы толгон-токой сыноолорду уюштуруп, андан кийин гана кыздарын турмушка узатат.

***Узак сапардан кайткандагы той өткөрүү каада-салт жана ырым-жырымы***

Адам узак сапардан аман-эсен кайтып келгенде, башы аман келди деп үй-бүлөсү, тууган-уругу той кылат. Төштүк аман-эсен келгени үчүн атасы Элеман төгөрөктүн төрт бурчундагы кандардын баарын чакырып, чоң той өткөрөт.

*Эр Төштүктүн тоюнда*
*Эл жыйылып дуу болсун*
*Доор кыямат өткөнчө*
*"Эр Төштүктүн тою" – деп*
*Калайыкка чуу болсун*
*(С. Каралаев. "Эр Төштүк". 345-бет).*

Элдик оозеки чыгармалардан бүтүндөй бир улуттун тарыхын, кылымдарга созулган бактылуу келечек үчүн жүргүзгөн умтулууларын, таптык сезимдерин, үрп-адаттарын, айлана-чөйрөгө болгон мамилесин таанып билишкен. "Эр Төштүк" эпосунда да эли-жерин сүйүү, достук темалары жана адамкерчиликтин бийик сапаттары болгон – улуу муундарды жана ата-энени кадырлоо, эмгекти сүйүү, айрыкча жаратылыш сырларына байланышкан жагдайлар кеңири колдонулат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бөкөшов Ж. Салт жана билим. – Б., 2014. – 15-б.
2. Каралаев С. Баатырлар, айымдар. – Ф.: Мектеп, 1967. – 43-бет.
3. Молдогазиев Т. Элдик оозеки чыгармаларды V–VI класста окутуу. – Ф.: Мектеп, 1988. –108–129-беттер.
4. Субанбеков Ж. Кыргыз элинин баатырдык эпостору. – Ф. 1970. – 79-бет.
5. "Эр Төштүк" энциклопедиясы. "Манас" улуттук академиясы. Түзүүчүлөр: Абдраимов К.А. ж.б. – Б., 2023. – 214-бет.
6. Эр Төштүк. "Эл адабияты" сериясынын 2-тому (С.Каралаевдин айтуусу боюнча). Текстти басмага даярдап, баш сөзүн, илимий комментарийлерин жазгандар – Сарыпбеков Р., Мукасов М. – Бишкек: Шам, 1996.

**Рецензент: филол. илим. док., проф. Байгазиев С.О.**